Педагогикалык кеңешменин №1 буйругунун чечиминен көчүрмөсү

05.09.2020ж Тегизчил айылы

Күн тартибинде каралуучу маселе:

2.2020-2021-окуу жылы үчүн мектеп компонентин бекитүү жөнүндө.

Угулду: күн тартибиндеги 2-маселе боюнча мектептин директору Атыгаев Талгарт Урматтуу ата-энелер, усулдук бирикме жетекчилери, мугалимдер 2020-21-окуу жылына карата 5-8-класстар үчүн базистик планда мектеп компоненти каралган.сиздер менен биргеликте чечишип алалы.

Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Токторбаева Н: жогорудагы агай айткан маселе боюнча менин сунушум 5-класстар үчүн 1 саат өлчөмүндөгү компонентти орус тилине берсекпи дейм, себеби окуучулардын түшүнүүсү, көндүмдөрү, сабаттуулугунун денгээлин көтөрүүгө муктажбыз. Ал эми 8-класстын 1-саат өлчөмүндөгү компонентин химия сабагына, анткени СТЕМ багыты менен иш алып баруу учурдун актуалдуу талабы болуп жатат.

Ата-энелер комитети Кашымова А: Базистик пландагы мектеп үчүн берилген компонент багыттуу болуусу зарыл, сиздердин айткандарыныздарга кошулам. Негизи балдарды так илимдерге кызыктыруу турмуштун талабы деп эсептейт.

Ата-энелердин,мугалимдердин билдирүүсүн угуп жана педагогикалык кеңеш төмөндөгүдөй чечим кылат:

Чечим:

2) 2020-2021-окуу жылы үчүн мектеп компоненти 5-класстар үчүн 1 саат орус тил сабагын, 8-класстар үчүн 1 саат химия сабагын окутуу үчүн берилсин.

Мектеп директору: Атыгаев Т

Катчы: Осмоналиева Б

Көчүрмө анык.